**ДИНДЕРДИН ӨНҮГҮҮ ТАРЫХЫ ПРЕДМЕТИН ОКУТУУ КУРСУ**

**Долбоордук сабактын иштелмеси**

1. Мугалимдин аты-жөнү: Мухаммад Исаков Абдыхалилович


2. Мугалимдин кесиби: Теолог-Педагог

3. Мугалимдин иштеген жери: Школа М. Ломоносова/Маариф/Солнечный Город

4. Тема өтүүнүн жана сабактын иштелмеси

| Сабактын темасы: **Иудаизм дүйнөнүн байыркы монотеисттик дини катары** | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Максаттары | Күтүлүүчү натыжа | Компетенттүүлүк | Кармана турган принцип | Технология |
| Билим берүүчү-к<br>Өнүктүрүүчүлүк<br>Тарбиялык | -<br>-<br>- | НК<br><br>ПК | Слайд презентациядан тандалып жазылат | Слайд презентациядан тандалып жазылат |
| Сабактын жүрүшү | Этаптары | Мугалимдин аткаруу иши | Окуучунун аткаруу иши | Баалоо формасы жана кайтарым байланыш |
| **Корутунду –** сабактын иштелмесин түшүндүрүп бере турган интеллект карта чыгаруу | | | | |

Иудаизм, краткая история для школьников:



**Тема: Иудаизм дүйнөнүн байыркы монотеисттик дини катары**

| **Сабактын максаты:** | **Көрсөткүчтөр**:<br>***Жогорудагы максаттарга жетет, эгерде окуучулар төмөнкүлөрдү аткарса:*** |
|---|---|
| **Билим берүүчү:** Окуучулар Иудаизмдин келип чыгышы боюнча маалыматтарды алышат | ➢ Иудаизмдин келип чыгуу кырдаалын түшүндүрө алышса<br>➢ Адамдын жашоосундагы ишенимдин ролун ачып беришсе |
| **Өнүктүрүүчүлүк:** Окуучулар Иудаизмдин негизги принциптерин айтып бере алышат | ➢ Иудаизмге түшүндүрмө берүү менен анын маанисин ача алышса.<br>➢ Индуизмдин негизги багытын, өнүгүүсүн жана түзүлүү себептерин түшүнүктөрүн ачып Ашкеназим жана Яхудим иудейлерди бири-бирине |
| **Таалим-тарбия берүүчү максаты:** Окуучулар Иудаизмге сый мамиле кылууга тарбияланышат. | ➢ Иудаизм ишенимдерин калдыктарынын сакталып калышын мисалдар менен далилдешсе.<br>➢ Кыргыз элинде сакталып калган Иуадизм ишенимдердин көрүнүштөрүнө сабырдуулук |

**Сабактын тиби:** Аралаш  сабак изилдөө элементтери менен жаңы сабакты өздөштүрүү

**Колдонулуучу усулдар:** түшүндүрмө иллюстративдик, изилдөө, маектешүү, жыйынтык иштер

**Колдонулуучу баалоо усулдары**:  эксперттик баалоо

**Сабактын жабдылышы*:*** Компьютер, проектор, экран (интерактивдүү доска), батман, маркер, дүйнө картасы ж.б.

**Сабакта калыптануучу  компетенттүүлүктөр:**

***Негизги компетенттүүлүктөр:***

*а) Маалыматтык компетенттүүлүк:* Маалыматты колдоно алат. Жетишпеген маалыматты максаттуу түрдө издөө, анын айрым бөлүктөрүн салыштырат жана анын үстүндө иш жүргүзө алат.

*б) Социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк:*

Диалог аркылуу зарыл маалыматты алууга, жекече, коомдук жана кесиптик маселелерди чечүү үчүн аны оозеки жана жазуу түрүндө билдирет.

*в) Өз ишин уюштуруу жана маселе чече билүү компетенттүүлүгү:*

Өз алдынча же башкалар менен биргеликте ар түрдүү ыкмаларды колдонуу менен маселелерди чечет, ошондой эле андан аркы иш-аракеттер жөнүндө чечим кабыл алат.

**Сабактын жүрүшү**

| Сабактын Этаптары | Мугалимдин ишмердүүлүгү | Окуучунун ишмердүүлүгү | Убактысы |
|---|---|---|---|
| **Уюштуруу учуру.** | Мугалимдин окуучулар менен саламдашуусу жана окуучулардын сабакка даярдыгына көз салуу.<br>Мугалим окуучуларга үй тапшырмасы катары ар бир топко берилген тапшырманы эске салат жана даярдык көрүүсүн суранат. | Саламдашуу жана окуучулар сабакка даяр экендигин билдиришет. Окуучулар өткөн сабактын темасын айтып беришет жана үй тапшырмасы боюнча иштерин даярдашат. | **2 мин** |
| **Кайтарым байланыш. Маалыматты толук өздөштүрүүсү.** | Мугалим өткөн сабакта диндердин көп түрдүүлүгү боюнча монотеисттик жана политеиттик диндер боюнча эске салат. Ар бир топ кандай даярдык менен келгенине көз салуу менен биринчи топту өз ишин коргоого чакырат. Кезеги менен ар бир топ өз иштерин презентациялайт.<br>Мугалим өзү эксперт катары чыгат. Ар бир топтун ишин анализдейт. Керек учурда суроолорду берет жана отургандардан суроо берүүсүн өтүнөт. Ар бир топтун иши корголгондон кийин мугалим өзү жыйынтык чыгарып баллдык система менен топтордун ишин баалайт.<br>Мугалим окуучуларга ыраазычылык билдирип жаңы темага өтөт. | Окуучулар мугалим менен бирдикте өткөн сабактагы орчундуу маселелерди эске салышат. Ар бир топ өз иштерин доскага илишет. Дүйнөлүк маданияттын өнүгүшүндө монотеисттик диндердин таасирин ачып келүүнүн негизинде. 1- топ. Иудаизм, 2 - топ. Христианство, 3- топ. Ислам. Ар бир топ өз иштерин коргойт. Мугалим тарабынан же окуучулар тарабынан берилген суроолорго жооп берет. | **8 мин** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Сабактын максаты жана күтүлүүчү натыйжа.** | Мугалим доскага жаңы теманы жазат же экранга слайддагы жаңы теманын аталышын көрсөтөт. Сабактын максатын түшүндүрүү менен окуучулар кандай ишмердүүлүк жүргүзүшөөрүн айтат. | Окуучулар теманы жазышат. Бүгүнкү сабакта кандай ишмердүүлүк жүргүзүп эмнеге жетише тургандыктарын билдиришет. | **2 мин** |
| **Окуучуларды мотивациялоо, “Мээ чабуулу”** | Балдар силер «Моисей» киносуну көрдүңөрбү? Эгер көрсөңөр Моисей (Муса) пайгамбардын денизди 2 болгонуну көрсөңөр керек! Кана ойлонгулачы пайгамбар деген эмне? Пайгамбардын керемети деген эмне?<br>Мугалим жоопторду угуп бүгүнкү тема ушуга байланыштуу экенин айтат. | Окуучулар кинону көргөн болсо андагы көрүнүштү эске салат. Фараон эмнеге Мусаны душман корот, өз ара талкуулашат. Билгендерин мугалимге айтып беришет. | **5 мин** |
| **Окуучулардын көндүмдөрүн калыптандыруу. Окуй билүүгө жана өз ойлорун эркин билдирүүгө үйрөтүү.** | Мугалим Иудаизмдин келип чыгышы, Кыргызстандагы Ашкеназим менен Яхудим тууралу кыскача айтып берет. Түшүндүрүүдө слайддардагы сүрөттөрдү, бүгүнкү жашоодон алынган мисалдарды келтирет. Видеолордон ылайыктуусу болсо үзүндү көрсөтүп талкуу уюштурса да болот. | Окуучулар кунт коюу менен мугалимдин түшүндүрмөсүн угушат. Эгер суроолору болсо беришет. Өздөрүндө кандайдыр бир маалымат болсо айтып беришет. | **8 мин** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Кайтарым байланыш жана окуучулардын билгичтиктерин бышыктоо.** | Окуучулардын билимин, билгичтик жана көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн китеп менен иштөө жана китептеги маалыматтардан керектүү мисалдарды алуу менен ага анализ жасоо.<br>Ал үчүн мугалим 1-катардагы окуучуларга окуу китебиндеги Иудаизмдин ыйык китептерини окууну жана керектүү маалыматты алып чыгып башка окуучуларга түшүндүрүү милдетин алышат.<br>2-катардагылар Иудаизмдин он осуяты тууралуу окушат жана жогорку тапшырманы аткарышат.<br>3-катар Иудаизмдин диний ырасымдары бөлүгүн алышат окушат жана керектүү маалыматты алып чыгып башкаларга түшүндүрүү ишмердүүлүгүн жүргүзөт.<br>Мугалим берилген убакыт бүткөндөн кийин иштин жыйынтыгына көз салат. Катардагылардын презентацияларына коментарий берет. | Окуучулар мугалимдин тапшырмасын так аткарыш үчүн жакшылап эмне иш кыларын аңдап түшүнүшөт. Ар бир катардагы окуучулар тапшырманы так түшүнгөндөн кийин ишке киришет. Ар бир катардагылар алгач өз алдынча окушат. Андан кийин керектүү маалымат табуу үчүн эки-экиден иштешет. Катардагы окуучулардын негизги милдети кызыктуу материалды таап Иудаизм кандай экендигин жана анын маанисин мисалдар менен башка катардагылар түшүнгүдөй презентация кылышы керек. | **13 мин.** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Жыйынтыктоо жана баалоо, үй тапшырмасы.** | Мугалим ар бир катардагы окуучулардын иштерин жыйынтыктап өз көз карашын айтып, баалоо баракчасынын негизинде баалайт. Баалоонун чен-өлчөмү:<br>1. Окуучулар берилген түшүнүктү так айтып берүүсү<br>2. Маалыматтан керектүү мисалды таба билүүсү жана ирээтүү сүйлөөсү<br>3. Суроо бере билүү жана так жооп айта билгичтиги.<br>Мугалим окуучулардан бүгүнкү сабактан кандай кызыктуу жаңы билимге ээ болгонун сурайт.<br>Үй тапшырмасы: “Манас” эпосунан Иудаизмга (Жоот) тиешелүү болгон маалыматтарды таап жазып келүү. | Окуучулар аткарылган иштери боюнча мугалимдин жыйынтыктоосун угушат. Чен-өлчөмдүн негизинде бааларын билишет. Негизги терминдерди дептерлерине жазып алышат.<br>Үй тапшырмаларын жазуу менен бүгүнкү сабактагы эң кызыктуу маалыматты башкалар менен бөлүшүп айтып берет. | **7 мин** |